**УДК:37.47:372.882(575.2)(04)**
**DOI 10.53473/16946324_2023_3**

**Эгемкулова Нагима Нурланбековна**
ОИӨК «Кыргызстан эл аралык университети»
магистранты
Багыты: Филология (чет тил мугалими)
**Караева Зина Караевна**
филология илимдеринин доктору, профессор
ОИӨК «Кыргызстан эл аралык университети»

**Эгемкулова Нагима Нурланбековна**
Магистрант
УНПК “Международный университет Кыргызстана”
Направление: филология (учитель иностранного языка)
**Караева Зина Караевна**
доктор филологических наук, профессор
УНПК “Международный университет Кыргызстана”

**Egemkulova Nagima Nurlanbekovna**
Master's student of the
ERPC «International University of Kyrgyzstan»
Direction: Philology (foreign language teacher)
0(702) 329 277, negemkulova00@mail.ru
**Karaeva Zina Karaevna**
Doctor of Philology, Professor
ERPC «International University of Kyrgyzstan»

# УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ УЧУРУНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН АБАЛЫ

# СОСТОЯНИЕ ОБРАЗОВАНИЯ ВО ВРЕМЯ ВЕЛИКОЙ ОТЕЧЕСТВЕННОЙ ВОЙНЫ

# THE STATE OF EDUCATION DURING THE GREAT PATRIOTIC WAR

---

***Аннотациясы:*** *Макалада Улуу Ата Мекендик согуш учурунда билим беруунун дэнгели, кандай кыйынчылыктар болгону, ошого карабастан эл агартууга чон салымын кошкон инсандар жонундо жана ошондой эле согуш билим алуу жана беруу тармагына тийген таасри талданат. Ошол мезгилдин эн чон маеселеси мугалимдердин жетишсиздги болгон, ошентсе да эл агартууну онуктуруу токтогон эмес.*

***Негизги сөздөр:*** *каардуу согуш, Улуу Ата Мекендик согуш, мектеп, эл агартуу, мугалим, окуучулар, окуу китептери, интернат окуучулар учун, кыргыз тили жана адабияты.*

***Аннотация:*** *В статье рассказывается о проблемах образования во время Великой Отечественной войны, о людях, которые, тем не менее, внесли большой вклад в народное просвещение, а также анализируется влияние войны на сферу образования и передачи знаний. Самой большой проблемой того времени была нехватка учителей, однако развитие народного просвещения не прекращалось.*

***Ключевые слова:*** *жестокая война, Великая Отечественная война, школа, народное просвещение, учитель, ученики, учебники, интернат для учащихся, кыргызский язык и литература.*

***Abstract:*** *The article tells about the problems of education during the Great Patriotic War, about people who, nevertheless, made a great contribution to public education, and also analyzes the impact of the war on education and knowledge transfer. The biggest problem of that time was the shortage of teachers, but the development of public education did not stop.*
***Key words:*** *brutal war, Great Patriotic War, school, public education, teacher, students, textbooks, boarding school for students, Kyrgyz language and literature.*

---

**Изилдөөнүн актуалдуулугу:** Каардуу согуш кыргыз элинин да жашоо шартына өз кедергисин тийгизбей койгон эмес. Анын ичинде билим берүүгө да таасир берип, көпчлүкү мугалимдер согуш майданына жиберилип, окутуу иштеринде бир топ кыйыгчылыктарды жараткан. Ошондой болсо да эл агартуу иштери токтобой, өз нугу менен улантылгандыгы таң калтырды. Ушул жагдайдан алып караганда изилдөөнүн актуалдуу деп айтсак болот.

**Изилдөөнүн маселелери жана максаттары:** Изилдөөдө согуш учурундагы билим берүүнүн сапаты жана эне тилин окутуунун абалы тууралуу маалыматтар берилди.

**Изилдөөнүн сүрөттүлүшү:** Изилдөөдө төмкүдөй маселелер каралды:

Согуш кезинде 150дөн ашык киши Кыргызстанга эвакуацияланып келип, окуу процессинде кыйынчылыктар туулган;

- көп мугалимдер согушка кетип, калгандары башка чарба иштери которулуп, мугалимдердин жетишсизиди болгон;
- кыргыз тили, адабияты жана тарых институту эне тили жана адабияты боюнча окуу китептерин түзүп, окуу программаларын оңдолуп көп иштер аткарылган;
- кыргыз элинин фольклорун жыйноо боюнча да бир кыйла иштерди жүргүзүлгөн;
- кыргыз тили жана адабиятынын мугалимдери согушка байланыштуу жазылган советтик жазуучулардын чыгармаларын, согуш жөнүндө газета, журналга жарыяланган материалдарды жаңы теманы өтүүдө, көнүгүүлөр иштетүүдө, диктант жаздырууда кеңири пайдаланышкан.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары:** Каардуу согуш окутуу ишин талапка ылайык уюштурууга, окуу материалы менен камсыз кылууга канчалык кедерги болсо да, бардык эркти, күчтү сыноо аракетинен улам, окуунун жыйынтыгы тынчтык мезгилдегиден начар болгон эмес.

**Изилдөө натыйжалары:** Каардуу согуштун билим берүүгө тийгизген таасири тууралуу маалыматтарды билүү менен, кандай гана кыйынчылык болбосун билим берүүгө эч бир тоскоолдук болбойт деген жыйынтык чыгардык. Мун ар бирибиз эсибизге алышыбыз керек.

Немецтик фашисттер тынчтык жөнүндөгү келишимин бузуп, 1941-жылы 22-июнда биздго Мекенибизге кол салганда, совет эли жашоо тиричилигин согуштук кырдаалга ыңгайлаштырууга көп аракеттер жүргүзүлгөн.

Ата Мекендик согуш убагында биздин республика жаңы шартка ылайык мектептердин окуу-тарбия иштерине бир катар өзгөртүүлөрдү киргизилген. Шаардагы мектеп имараттарынын көбүнө госпиталь, аскер бөлүктөрү, эвакуацияланган жогорку окуу жайлары, илим-изилдөө мекемелери орношкондуктан, алардын саны кыскарып, сабак 2-3 сменада окулган.

Согуш кезинде 150дөн ашык киши Кыргызстанга эвакуацияланып келгендиктен, окуу процессии талапка ылайык уюштуруу кошумча кыйынчылыктарды туудурган. Ал эми төмөнкү класстын окуучуларынын үйү мектептен алыс, кийим-кечинин кемчилдигинен окуй албай калышканы да көп болгон. Ушул сыяктуу себептерден башталгыч, жети жылдык жана орто мектептерде окуучулардын жалпы саны согушка чейинки мезгилге салыштырганда бир кыйла азайып кеткен. Эгерде 1940-41-окуу жылында республикадагы 1645

мектепте 328,7 миң окуучу болсо, 1945-жылы 1537 мектепте окуучулардын саны 223,4 миңге жакын болуп, б. а. 1-класска жети жаштан окуй баштаганына карабастан, алардан жүз миңден ашык кемип кеткен. Фрунзе шаарынын мектептеринде согуштун алдында 21600 бала окуса, 1944-45-окуу жылында 11826 окуучу калган, б.а. 45,3%ке азайган.

Көп мугалимдер согушка кетип, партиялык, советтик жана чарбалык жумуштарга которулганына байланыштуу алардын саны да азайган. Алсак, согуштун биринчи жылында эле 1919 мугалим фронтко кеткен. Согуш мезгилинде кагаздын жетишсиздигинен, республикада басылган газета-журналдардын саны азайып, окуу китептерин, окуу-көрсөтмө куралдарды, көркөм адабияттарды басуу жагы кыйла кыскартылган. Ушул сыяктуу кыйынчылыктарга карабастан, жалпыга милдеттүү окуу законун турмушка ашырып, окуучуларга терең билим жана тарбия берүү менен, коомдук иштерге активдүү катышуусун камсыз кылуу үчүн партиялык уюмдардын жетекчилиги астында көп иштер жүргүзүлгөн.

Согуш кезинде кыргыз тили, адабияты жана тарых институту эне тили жана адабияты боюнча окуу китептерин түзүү, окуу программаларын оңдоп чыгуу жагынан көп иштерди бүтүрүп, 1944-жылы 100 басма, табак болгон «Орусча-кыргызча сөздүктүн» көп нускада жарык көрүшү кыргыз элинин маданиятынын андан ары гүлдөп өсүшү үчүн чоң мааниге ээ болду.

Согуш мезгилинде кыргыз элинин фольклорун жыйноодо да институт бир кыйла иштерди жүргүзүп, аны жыйоочулар үчүн эскерткичтер түзүлүп, жер-жерлерге жиберүүнүн натыйжасында немецтик басып алуучуларга каршы эл арасында кеңири тараган фольклорду жыйноо ишине жалаң гана мугалимдер эмес, жумушчулар жана колхозчулар катышышкан.

1945-жылдан тартып 8-10-класстын окуучулары үчүн мамлекеттин эсебинен уюштурулган интернаттар 500 орунга көбөйүп, үйү алыс балдардын окуусуна шарт түзүлүп берилген. Интернатта жашаган окуучулар мамлекеттин эсебинен жатакана, төшөнчү-орун, кийим, тамак-аш, окуу куралдары менен камсыз болушкан. Мындай интернаттар көбүнчө алыскы райондордо ачылып, анда негизинен малчылардын, Ата Мекендик согуштун инвалиддеринин балдары жашаган. Ошентип Ата Мекендик согуш мезгилинде ушунчалык оор кыйынчылыктардын болгондугуна карабастан, мектептерге окуу жашындагы балдарды толук тартып, аларга терең билим берүү маселеси күн тартибинен алынган эмес.

Мектепте окуу иштеринин оордошунун дагы бир себеби программалык материалды окутуунун мөөнөтү кыскаргандыктан, анын материалдарын ылдамдатылган темп менен окутуу жагы талап кылынган. Көпчүлүк окуучулардын тиешелүү шарты болбогондуктан (окуу китептери жок болуп, үйүндө жарык болбой, үй чарбачылыгы менен көп алек болуу), үйгө тапшырма бербестен, мүмкүн болушунча мектептен жете түшүндүрүүгө аракет кылуу керек болгон. Ушуга байланыштуу согуш мезгилинде окуучулардын түшүнүгүн активдештирүү багытында сабак берүүнүн методикасына бир кыйла өзгөртүүлөр киргизилген. Ошондой болсо да эл агартуу органдарынын негизги милдети — согуш мезгилинде мектептердин нормалдуу иштешин камсыз кылып, окуучуларга терең билим берүү менен, алардын аскердик-дене тарбиялык даярдыгын жогорулатып, саясий-идеялык тарбия берүүгө өзгөчө көңүл бурууну талап кылган.

Ушуга байланыштуу класстан тышкары убакта ар кандай дене тарбия кружоктору, коргоо значокторуна ээ болуу үчүн норма тапшыруу, аскер адистерин даярдоо, жарыштарды, туризмди жана альпинизмди өрчүтүү, аскердик-спорттук майрамдарды өткөрүүгө көп көңүл бөлүнгөн. Согуш жылдарында орус тилин үйрөнүүнүн мааниси өзгөчө чоң болду, анткени көп улуттуу Советтик Армияда согуштук буйруктар дайыма орус тилинде берилип, бардык улуттун өкүлдөрү өз ара орус тилинде сүйлөшкөндүктөн, орус тилинен терең билим берүү үчүн сааттардын саны көбөйүп, оозеки жана жазуу иштери системалуу түрдө өткөрүлүп, окуу-көрсөтмө куралдарын чыгаруу жагы жакшыра баштайт. Ар кандай предметтик кружоктор уюштурулуп, конференциялар, кечелер өткөрүлүп, окуучулар орус тилинде доклад жасоого, сүйлөөгө көнүгүшөт.

Мектептерде кыргыз тилин жана кыргыз адабиятын талапка ылайык окутуу менен окуучуларды Ата Мекенди сүйүүгө, патриотизмге тарбиялоо негизги маселелердин бири болду. Ошол мезгилде кыргыз тили жана адабиятынын мугалимдери согушка байланыштуу жазылган советтик жазуучулардын чыгармаларын, согуш жөнүндө газета, журналга жа- рыяланган материалдарды жаңы теманы өтүүдө, көнүгүүлөр иштетүүдө, диктант жаздыру- уда кеңири пайдаланышкан. Ошондой эле окуучуларга жаздырган сочинениенин темасы да душман менен кармашууда бөтөнчө баатырдыкты көрсөткөн советтик жоокерлердин жана оорукта жанталашып иштеген эмгекчилердин данктуу иштеринен алынган.

**Согуш жылдарында республиканын эл агартуу иштериндеги эң негизги кыйынчылыктардын бири** – мугалимдердин жетишсиздиги эле. Эвакуацияланғандарды кошо эсептегенде 1942-жылы республиканын мектептерине 2500ден ашык мугалим жетиш- кен эмес.

Ош областынын төрт эле районунда окуута тартылбай калган балдардын саны бир жа- рым миңге жеткен.

Кеңешмеде республикада педагогикалык кадрларды даярдоо, кыргыз жаштарын оку- туу маселеси да талапка жооп бербей жаткандыгы, мектептер окуу китептери менен камсыз болбой, ар бир сабак боюнча методикалык адабияттардын басылбагандыгы, көп мугалим- дер өзүлөрү экзамен билеттеринде жазылган суроолорго жооп бере албагандыгы, жерги- ликтүү партиялык жана советтик уюмдар эл агартуу органдарына жетиштүү жардам бербей жаткандыгы жөнүндө айтылат. Ошон үчүн мектептерде эне тили боюнча түзүлгөн методи- калык иштерди жакшыртып, жаңыдан иштей баштаган мугалимдерди ошол мектептеги же жакын жердеги тажрыйбалуу мугалимдерге бекитүү менен бири-биринин сабагына каты- шуу, тажрыйбалуу мугалимдин сабагына коллективдүү түрдө кирүү, ачык сабактарды тал- куулоо, жакшы сабактардын планы жана конспектисин илип коюу, кошумча адабияттарды топтоо сыяктуу методикалык иштердин ар кандай формалары кеңири тарала баштаган.

Каардуу согуш окутуу ишин талапка ылайык уюштурууга, окуу материалы менен кам- сыз кылууга канчалык кедерги болсо да, бардык эркти, күчтү сыноо аракетинен улам, оку- унун жыйынтыгы тынчтык мезгилдегиден начар болгон эмес.

Согуштун оор шарттарына карабастан, мектептердин окуу-тарбия иштеринде ошонун ичинде эне тилинен окуучуларга терең билим берүүдө көп жетишкендиктер болду. Жыйынтыктап айтканда согуштун ушунчалык оор шарттарына карабастан, өкмөт менен партия тарабынан мектеп иштерине өзгөчө көңүл буруунун натыйжасында окуу процесси демейкиден дагы жакшырган.

Каардуу согуштун билим берүүгө тийгизген таасири тууралуу маалыматтарды билүү менен, кандай гана кыйынчылык болбосун билим берүүгө эч бир тоскоолдук болбойт деген жыйынтык чыгардык. Муну ар бирибиз эсибизге алышыбыз керек.

**Адабияттар:**


1. Измайлов А.Э. Кыргызстандагы советтик мектептердин тарыхы, Фрунзе, 1961, 170-б.
2. Интернет булактары.
3. Осмонкулов А. Жалпы билим берүүчү мектептерде кыргыз тилин окутуунун тарыхы. Бишкек, 2006.
4. Осмонов Ж., Асанканов А. Кыргызстандын тарыхы. Бишкек, 2001.

Чоротегин Т.К. Кыргыздардын жана Кыргызстандын кыскача тарыхы: (байыркы замандан

тартып бүгүнкү күнгө чейин). Б., 2000. -160 б.